DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА № 5, 2019

*Кудабаева Г.Б.*

# ӨСПҮРҮМ БАЛДАРДЫ ОКУТУП ТАРБИЯЛООДОГУ ПСИХОЛОГИЯЛЫК БАГЫТТАР

*Кудабаева Г.Б.*

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАПРАВЛЕНИЯ ОБУЧЕНИЯ И ВОСПИТАНИЯ ПОДРОСТКОВ

*G.B. Kudabaeva*

# EDUCATION OF ADOLESCENT CHILDREN, PSYCHOLOGICAL TRAINING

*УДК: 159.9*

*Макалада өспүрүм балдарды окутуп тарбиялоодогу психологиялык багыттар каралган. Ошондой эле балдарды окутуп тарбиялоо процесинде алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу актулдуу маселелерден экендиги белгиленген. Психологиялык өзгөчөлүктөрдү эки багытта карайбыз. Жекече өзгөчө өзгөчөлүктөрз боюнча жана жаш курак өзгөчөлүктөрү боюнча. Бул эмгекте өспүрүм курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн талдоого аракеттендик. Атап айтканда, өспүрүм курактагы балдардын өзүн чоң адамдай сезүүлөрү, өз алдынчалыкка умтулуулары,чоңдорду эталон катары кабыл алуулары башкача айтканда чоң адамдардын жүрүм-турумун туурoo, жолдошторунун сыйына ээ болууга болгон аракеттери, мугалимдердин жана ата-энелеринин кеп-кеңештерине караганда өз курбалдаштарынын таасиринин күчтүүлүгү сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ. Себеби, бул курактагы балдар анатомиялык-физиологиялык жактан жетилип калгандыктан өздөрүн чоң адамдай сезишип, алардын дарегине айтылган сын-пикирлерди өтө оор кабыл алышат. Ошондуктан, мугалимдер окутуп тарбиялоо процессинде өспүрүм курактагы балдарга педагогикалык чеберчилик менен өтө кылдат мамиле жасоолору зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *өспүрүм, өспүрүм курак, психологиялык өзгөчөлүктөр, чоңдор, эталон, жүрүм-турум, социалдык кырдаалдар, чөйрөнүн таасири.*

*В статье рассмотрены психологические направления обучения и воспитания подростков. Также одной из актуальных проблем является обращение внимания на психологические особенности подростков в процессе обучения и воспитания. Психологические особенности рассматриваются в двух направлениях: по индивидуальным особенностям и по возрастным особенностям. В этой статье мы попытались проанализировать психологические особенности подростков А именно такие особенности подростков как чувство взрослости, стремятся быть похожими на взрослых, быть самостоятельными, принимают взрослых как эталон, то есть подражание взрослым действиям, направленные на то, что бы завоевать уважение среди своих сверстников, при этом влияние своих друзей, сверстников оказывается сильнее чем советы и наставления учителей и родителей. Так как дети в этом возрасте уже созревают в анатомически-физиологическом плане и чувствуют себя взрослыми, тяжело воспринимают критику, высказанную в их адрес. Поэтому учителя в процессе обучения и воспитания подростков должны тщательно с педагогическим мастерством делать подход к подросткам.*

***Ключевые слова:*** *подросток, подростковый возраст, психологические особенности, взрослые, эталон, поведение, социальные ситуации, влияние среды.*

*Directions in the upbringing of children and adolescents, provided for in the article Psychology of Education. The psychological characteristics of children, their training and education, and also drawing attention to the fact that in the current process. We look in both directions and psychological features. Features of age and the individual characteristics. In this paper the teenagers who were trying to analyze the psychological characteristics of children age. In particular, the teen-age children steadfast attention to feel like an adult, independent and adults adopted as a benchmark i.e imitating the behavior of adults, attempts to regain the respect of his comrades, parents, teachers and other advice than to their peers, such as impact properties. The reason is because children of this age, anatomical and physiological maturity to feel like an adult, and they take criticism very difficult. Therefore, teachers in the process to educate young children with pedagogical skills necessary to be very careful.*

***Key words:*** *teenager, adolescence, psychological characteristics, adults, standard, behavior, social situations, environmental impact.*

Бүгүнкү күндө мектептерде окутуп тарбиялоо процесстеринде психологиялык өзгөчөлүктөргө көңүл буруу актуалдуу маселелерден болуп саналат. Себеби мектеп мугалимдери балдардын психологиялык жактан өсүп өнүгүүлөрүнө жараша педагогикалык иш-аракеттерин жүргүзүүсү зарыл.

Психология эки багытта иш алып барат. Биринчиден, балдардын жаш курактары боюнча психологиялык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу, экинчиден ар бир баланын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ар бир курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү ар түрдүү мүнөзгө ээ. Ошондуктан, бул өзгөчөлүктөрдү терең талдабай туруп тарбиялоо иштерин жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Өспүрүм деген сөз – өсүү, жетилүү, өз алдынча болуу, бой тарткан мезгил деген маанини берет.

Өспүрүм курак Д.Б. Элькониндин жаш курак боюнча мезгилдерди аныктаган окуусунун негизинде 11-15 жаш менен белгиленет. Бул куракты өткөөл мезгил деп да атаса болот, анткени өспүрүм курак балалык мезгилден айрымаланган инсан, бирок чоң кишилердей толук жетилип калыптана элек мезгили.

Өспүрүм курактагы балдардын анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүгү, психикасынын өнүгүүсү, социалдык абалдарынын өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн инсандык калыптанууларынын татаал мезгили. Балдардын анатомиялык-физиологиялык жактан өсүп жетилүүлөрү ар бир баланын психикасына ар түрдүүчө таасир берет. Кээ бир балдар муну өтө оор кабыл алуулары мүмкүн.

Өспүрүм курактагы балдар өздөрүн чоң адамдай сезгендиктен чоңдордун иш-аракеттерине кийлигишип, аралашууга аракеттенишет. Мындай өзгөчөлүк жаш курак психологиясында «жаңы түзүлүш», «чоң болууга умтулуу», «чоң кишилердей сезүү» деп белгиленет.

Өспүрүмдө турмуш тажрыйбасынын жетишсиздигине карабастан, өзүн «чоң кишидей сезүү» пайда болот. Ал чоң кишилердин жүрүм-турумуна жана мүнөзүнө кызыгып, өзүн ага салыштырып, «мен» деген түшүнүктү иштеп чыгып, турмушта өз ордун аныктоого аракет кылат. Жашоодо башка адамдарга окшош болом деп өзүнүн идеалын издейт. Өспүрүмдөр идеал катары кабыл алган адамдарынан эрктүүлүк, мээримдүүлүк, адамкерчилик сыяктуу инсандык сапаттарды баалашат.

Өспүрүмдөр энесинин же атасынын турпатын, жүрүм-турумун өздөштүрүп туурайт, өздөрүнүн түшүнүгүндө, көз караштарында буга өзгөчө маани беришет.

Тамеки чегүүнү алар өзүн чоң адам катары сезүү үчүн жасашат. Кыздар чоңдорду туурап боёнушат. Өспүрүмдүн мындай мамилеси өзүн чоң сезүүнүн жөнөкөй жолу. Алардын сулуу, сымбаттуу көрүнүүгө умтулуусу айрыкча 5-7-класстарда окуган окуучуларга таандык. Алар жалпыга белгилүү маалыматтарды өздөрүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө карата өздөштүрүшөт.

Өспүрүмдөр сабагын жакшы билип, кызыктуу түшүндүргөн, талап койгон, калыс, мээримдүү мугалимдерди баалашат. 7-8 класстын окуучулары мугалимдин билим деңгээлине, окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесине өзгөчө маани беришет. Бул куракта окууга карата жаңы мотивдер пайда болот. Билим алуу өспүрүм үчүн өзгөчө баалуулукка өтүп, ал өз алдынча билимин өркүндөтүүгө умтулат. Мунун натыйжасында айрым өспүрүмдөр бардык сабактарды жеңил өздөштүрсө, башкалары сабакка тандалмалуу мамиле жасайт.

Өспүрүмдөр өз даректерине айтылган сын-пикирлерди оор кабыл алышат. Өзгөчө теңтуш-жолдоштору менен чогуу турганда айтылып калса, ал туура болсо да бала аны кабыл албайт, кабыл алмак турсун, ал адамга карата терс мамиледе болуп, өзүнүн наапазылыгын каяша айтуу, орой жооп берүүлөрү менен билгизет. Ошондуктан бул жерде мугалимдин чеберчилик мамилеси талап кылынат.

Бул курактагы балдарга мугалим өзгөчө этият мамиле кылуусу зарыл. Анткени, аларга чоңдорго жасагандай мамиле жасалбаса, мугалимдин туура көрсөтмөсүн да кабыл албай коюусу мүмкүн.

Окуудан жетишүү окуучунун ага болгон мамилесине байланыштуу өтөт. Окуучунун курбалдаштарынын сый мамилесине ээ болууга умтулуусу бул курактагы дагы бир негизги психологиялык өзгөчөлүктөрдүн бири болуп саналат. Окуучунун окууга болгон керектөөсүнүн, кызыгуусунун негизинде туруктуу окуу мотивдери калыптанат. Алардын окууга болгон кызыгуусу кеңири жана тар планда өтөт.

Демек, өспүрүмдүн окуу иш-аракетине болгон аң-сезимдүү мамилеси «жаңы түзүлүштүн» пайда болуу өбөлгөсү катары каралат. Өспүрүм окуу ишмердүүлүгүнүн маанисин өз алдынча билим алуудагы иш-аракет катары кабыл алып, ага карата инсандык мамилесин чагылдырат.

Өспүрүм кеңири социалдык чөйрөдө мамилелердин системасында болууга умтулат. Өспүрүмдүн чоң кишилердин жүрүм-турумунун өзгөчөлүгүн үлгү катары кабыл алып өздөштүрүүсү, анын социалдык активдүүлүгүнүн натыйжасы. Бул курактагы балдардын социалдык чөйрөсүнө көңүл буруу зарыл. Анткени алар өздөрү курчап турган чөйрөнүн таасирине тез берилишет.

Өспүрүм куракта инсандык сапаттар адептик тажрыйбага, нравалык иш-аракеттерди аткарууга байланыштуу өтөт. Өспүрүм куракта баланын жү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рүм-турумунда нравалык сезим калыптанат. Ал чоң кишилердин жүрүм-турумунда өз ара мамилелерде баалуу нравалык сапаттарды көрө билүүгө умтулат. Бирок айрым учурда чоң кишилер өспүрүмдүн мындай аракетин туура түшүнбөйт. Өспүрүм куракта инсандык сапаттардын калыптанышы өспүрүм үчүн да, аны тарбиялап жаткан чоң кишилерде да кыйынчылыктарды пайда кылат. Ата-энелер менен өспүрүмдүн ортосунда пайда болгон татаал мамилелердин системасы инсандык сапаттардын калыптанышында ар кандай деңгээлде таасир этет.

Үй-бүлөдө авторитардык мамиле, өспүрүмдү ар кандай көзөмөлдөө, аны менен суз мамиледе болуу же ашкере эркелетүү өспүрүмдүн мүнөзүндө ишенимсиздикти, жүрүм-турумда ар кандай терс психологиялык кырдаалды пайда кылат. Ата-эненин баланы тарбиялоодо мындай мамилелеринин системасы менен чектелиши үй-бүлөнүн маданий деңгээлинин жетишсиздигин көрсөтөт. Мындай учурда чоң кишилер менен өспүрүмдүн ортосунда пикир келишпөөчүлүк курчуйт [1].

Үй-бүлөдөгү тарбиянын терс таасири өспүрүмдөр тобундагы пикир келишпөөчүлүктөрдү жаратып, баланын ата-энеге баш ийбей, «жеке бийликте» болууга түртүп, тентектикти пайда кылат.

Психологияда «трудный подросток» – тартипке баш ийбеген, тентек өспүрүм деп түшүндүрүлөт. Бул түшүнүктө негизинен өспүрүм курагында байкалбаган терс инсандык сапат тартипке баш ийбеген, өспүрүмдүн жүрүм-турумуда чектен чыгуу, мүнөзүндө кежирликтин басымдуулугу байкалат. Мындай баланын сырткы турпатында «өз алдынчалыкка» умтулуу ачык көрүнөт.

Тартипке баш ийбеген, тентек өспүрүмдү жүрүм-турумунун аффективдүүлүгү, анын керектөөсүнүн канааттанбагандыгы же нерв процессинде козголуунун басымдуулугу менен түшүндүрүлөт.

Өспүрүмдүн тартипке баш ийбегени үй-бүлөдөгү, мектептеги тарбиянын жетишсиздиги менен мүнөздөлөт. Баланын социалдык позициясынын өзгөрүшү, курбалдаштарынын «жаңы» чөйрөсү өспүрүмдүн нравалык, моралдык сезимине терс таасир этет, анын тартипке баш ийбей, тентек болушуна шарт түзөт.

*Бардык учурда тартипке баш ийбеген балдар менен иштөөдө алардын жекече жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алып, алардын айрым оң сапаттарына таянып, инсандык сапаттарын тарбиялоо маанилүү.*

Тарбиялоо процессинде өспүрүмдөргө ишеним көрсөтүү, аларды өз алдынчалыкка, чынчылдыкка тарбиялоо, өзүн-өзү контролдоого үйрөтүү, ага этият мамиле жасоо, ички сезимин баамдоо зарыл [3].

12-13 жашар өспүрүм өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Алар жетилип өскөн курагында өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөп, өзүн-өзү тарбиялоого умтулуп, эрк аракеттерин, жоопкерчилигин туура баалоого аракеттенишет. Өспүрүм өзүнүн жүрүм-турумун, курбалдаштарынын ага болгон мамилеси менен салыштырып, өзүн-өзү баалоого умтулат. Өзүн-өзү баалоо эң алгач туруксуз мүнөздө болуп, кийин өспүрүмдө өз алдынчалык байкалат. Ал социалдык чөйрөдө ар кандай мамилелердин системасында болот. Мындай татаал карым-катыштын системасы анын инсандык сапаттарынын калыптанышына таасир этет. Өспүрүм бир учурда бирге окуган классташтары менен, экинчи учурда жашаган жериндеги жолдоштору менен өз ара мамиле түзүп, ар кандай топто өзүнүн жеке өзгөчөлүгүн, инсандык мамилесин чагылдырат.

Өспүрүм өтө сезимтал болгондуктан ата-эне баланы түшүнүп, ишеним көрсөтүү менен өз ара мамилелерди багыттап жөнгө салат. Эгерде чоң адамдар өспүрүмгө кичине баладай мамиле жасаса, алар да терс эмоционалдык абал пайда болот. Өспүрүм менен мамиле жасоодо чоң адамдар өздөрүнүн балага кайрылуусунда жүрүм-турумдун маданий деңгээлин багыттап, контролдоп, аны чоң кишидей кабыл алып, туура баамдап, түшүнүп «кызматташтык» мамилени түзүүсү зарыл. Үй-бүлөдөгү мамиленин багыттуулугу өспүрүм үчүн баалуулукка ээ [2].

Өспүрүм курбалдаштары менен болгон мамилеге өзгөчө маани берет. Анткени, бул курактагы балдардын турмуштук тажрыйбасы бирдей болуп, жаш курагы боюнча өз ара мамиленин жолун өздөштүрүүдө социалдык талап түзүлөт. Өздөрүнүн чөйрөсүндө өспүрүмдөр бири-бири менен жолдоштук мамиледе болот. Жолдоштору менен кызыгуусу шайкеш келгенде өзүнүн инсандык сапатын баалоого аракеттенет. Өзүнүн сырын, планын жакын досу менен бөлүшүп, достук мамилени жогору баалайт. Жолдошторунун арасында өзүнүн жетишкендиктерине өзгөчө маани берет. Эгерде досуна, жолдошуна кыянаттык кылса, аны өспүрүмдөр тобу жектейт.

Өспүрүмдүн окуучулар коллективинде жашоого, жолдошторунун сыйлоосуна ээ болууга ынтызар-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лыгы күчтүү өнүгөт. Бул курактагы окуучунун билими, жөндөмдүүлүгү, өзүн алып жүрө билүүсү ж.б. баалуу сапаттары өз ара мамиленин калыптанышына таасир этет.

Өспүрүм курагында окуучулар сыйлашуу, тең укуктуулук, жардамдашуу, ак ниеттик сыяктуу жолдоштук мамиленин атайын кодексин белгилешет. Алар ар бир окуучунун жолдошуна жасаган мамилесинин, кылык-жоругунун туура же туура эмес экендигин баалашат. Алар классташынын жүрүм-турумундагы терс сапаттарын сынга алышат. Окуучулар коллективинде өспүрүмдүн жолдошторуна болгон мамилесинин өзгөрүшүнө мугалимдин коллективди уюштура билүүсү таасир этет. Окуу процессинде иш-аракеттин ар кандай түрлөрүн максаттуу уюштуруу өспүрүмдөрдө мамилелердин түзүлүшүнүн шарты [4].

Демек, өспүрүмдүн инсан катары калыптануусу социалдык чөйрөдөгү мамилелеринин системасына, мектептеги окуу тарбия ишинин деңгээлине байланыштуу өтөт. Өспүрүм кеңири социалдык чөйрөдө мамилелердин системасында болууга умтулат. Өспүрүмдүн чоң кишилердин жүрүм-турумунун өзгөчөлүгүн үлгү катары кабыл алып өздөштүрүүсү, анын социалдык активдүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Божович Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте. - М., 1968.
2. Джумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы. - Б., 1999.
3. Кудабаева Г.Б., Ажибаева. Педагогикалык психология. - Б., 2001.
4. Кудабаева Г.Б. Жалпы психология. - Б., 2011.
5. Эльконин Д.Б. Детская психология. - М., 2004.
6. Мухина Р.С. Возрастная психология. - М., 2003.